**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Сергей Анатольевич Похлебанын Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 23-июнундагы аныктамасына даттануусун кароо жөнүндө

# ТОКТОМУ

2026-жылдын 10-июлу Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, Б.А. Кыдыралиева, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы Н.Ж. Жанышбекованын катышуусунда, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Сергей Анатольевич Похлебанын Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 23-июнундагы аныктамасына даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

С.А. Похлебанын өтүнүчү боюнча даттанууда баяндалган жүйөлөрдү жана материалдарды изилдеп чыгып, судья М.Р. Бобукееванын маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т А П Т Ы:**

2026-жылдын 25-майында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Сергей Анатольевич Похлебанын Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин (мындан ары – АПК) 110-беренесинин сот кайрылуунун процесстик мөөнөтүн калыбына келтирүүдөн баш тарткандан кийин талашты манызы боюнча карабастан административдик иш боюнча өндүрүштү токтотууга жол берген бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесине ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө кайрылуусу келип түшкөн.

Өтүнүчтөн жана ага тиркелген материалдардан көрүнүп тургандай, арыз ээси өзүнө таандык транспорт каражатын легалдаштыруу жол-жобосун белгиленген тартипте өткөн, мыйзамдарда каралган төлөмдөрдү төлөгөн жана мамлекеттик каттоодон өткөн номердик белгилерин алган.

Муну менен бирге берилген материалдардан белгилүү болгондой, алгач ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан транспорт каражаты мамлекеттик каттоодон өткөрүлүп, тиешелүү каттоо документтери берилген. Кийинчерээк гана жүргүзүлгөн каттоонун укук ченемдүүлүгү шек туудурган жагдайлар келип чыгып, натыйжада арыз ээси өзүнө таандык менчик ээсинин ыйгарым укуктарын толук жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгү боюнча укуктук аныксыздык абалында калган. Көрсөтүлгөн жагдайлар, бул түзүлгөн кырдаал арыз ээсинин жүрүм-туруму менен гана эмес, мамлекеттик органдын ырааты менен жасалган каттоо аракеттери менен да шартталганын айгинелейт.

Арыз ээси транспорт каражаты мыйзамдаштырылгандан кийин анын укуктук статусун жөнгө салуу жана келип чыккан карама-каршылыктарды четтетүү талабы менен компетенттүү мамлекеттик органдарга кайрылгандыгын

көрсөткөн. Бирок алынган жооптор жол берилген бузуулардын кесепеттерин жоюуга алып келген эмес, ал эми укуктук аныксыздык сакталып кала берген.

Кайрылуунун субъекти ал көтөргөн маселе жеке мүлктүк талаш менен гана чектелбестен, мамлекеттик органдардын иши, улуттук мыйзамдардын ченемдерин колдонуу, Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерин аткаруу жана мамлекеттик органдардын коомдук-укуктук аракеттеринин мыйзамдуулугун соттук текшерүүнүн зарылдыгы менен байланыштуу болгондуктан, коомдук-укуктук мааниге ээ деп эсептейт.

Кайрылуунун материалдарынан көрүнүп тургандай, арыз ээси транспорт каражатын мыйзамдаштыруу жана каттоо жол-жобосун жүргүзүүгө байланыштуу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аракеттерин мыйзамсыз деп таануу талабы менен административдик сотко кайрылган. Бирок, биринчи инстанциядагы сот сотко кайрылуунун белгиленген мөөнөтү өткөрүп жиберилген деген тыянакка келип, аны калыбына келтирүүдөн баш тарткан жана иш боюнча өндүрүштү токтоткон. Апелляциялык инстанциядагы сот биринчи инстанциядагы соттун тыянактарына макул болуп, чыгарылган аныктаманы өзгөртүүсүз калтырган.

Арыз ээсинин пикири боюнча, АПКнын 110-беренесин мындай колдонуу иш жүзүндө процесстик мөөнөттү сот адилеттигине жетүү үчүн арылгыс тоскоолдукка айландырып, мамлекеттик органдардын аракеттерин соттук текшерүү мүмкүнчүлүгүн болтурбайт жана аны натыйжалуу соттук коргоо каражатынан ажыратат. Мунун натыйжасында Конституциянын 61-беренеси менен кепилденген соттук коргоого болгон укук, анын пикири боюнча, формалдуу мүнөзгө ээ болуп, өзүнүн реалдуу мазмунун жоготот.

Арыз ээси ошондой эле талаш-тартыш укуктардын уланып жаткан бузулушуна, укуктук аныксыздыктын болушуна жана мамлекеттик органдардын аракеттерине соттук контролду жүзөгө ашыруунун зарылдыгына тиешелүү болгон кырдаалда процесстик мөөнөттү колдонуу соттук коргоодон баш тартуу үчүн өз

алдынча жана абсолюттук негиз болбошу керектигин көрсөткөн. Ушуга байланыштуу ал талашылып жаткан ченемдик жобонун Конституцияга ылайыктуулугун текшерүүнү суранган.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 23-июнундагы аныктамасы менен С.А. Похлебанын кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылган.

Судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу үчүн анын «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамда белгиленген талаптарга ылайык келүүсү, анын ичинде талашылып жаткан ченемдин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жоболоруна ылайык келүүсү жөнүндө маселеде табылган аныксыздыктын болушу зарыл экендигин белгилеген.

Судьялар коллегиясы соттук коргоого болгон укук бузулган укуктарды калыбына келтирилишин камсыздаган фундаменталдык кепилдиктердин бири болуп саналарын көрсөткөн. Ошол эле учурда бул укук мыйзамда белгиленген процесстик талаптарды сактабастан сотко кайрылуу мүмкүнчүлүгүн билдирбейт. Соттук коргоого болгон укук мыйзамдарда каралган тартипте жана формаларда, анын ичинде процесстик мөөнөттөрдү жана сот өндүрүшүнүн башка шарттарын сактоо менен жүзөгө ашырылат.

Конституциялык контролдоо органынын укуктук позицияларына шилтеме жасап, судьялар коллегиясы процесстик мөөнөттөр юридикалык фактылар катары сот өндүрүшүнүн динамикасын камсыз кыларын жана сот адилеттигин жүзөгө ашыруу үчүн оптималдуу шарттарды түзөрүн белгилеген. Мында сотко кайрылуунун мөөнөттөрүн жана өткөрүп жиберилген мөөнөттү калыбына келтирүү тартибин белгилөө мыйзам чыгаруучунун дискрециялык ыйгарым укуктарына кирет жана соттук коргоого болгон укук менен укуктук аныктуулук

принцибинин ортосундагы теӊ салмактуулукту камсыз кылуу зарылдыгы менен шартталат.

Ошол эле учурда судьялар коллегиясы кайрылуунун жүйөлөрү арыз ээсине анын укуктары болжолдуу бузулганы качан белгилүү болгон же белгилүү болушу мүмкүн болгон учурду аныктоо, сотко кайрылуу мөөнөтүн өткөрүп жиберүүнүн себептеринин жүйөлүүлүгүн баалоо, ошондой эле иштин конкреттүү жагдайларында АПКнын 110-беренесин колдонуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө маселелерге тиешелүү деген тыянакка келген. Талашылып жаткан мыйзам жобосу соттук коргоо мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбайт, тескерисинче, сотко кайрылуу укугун ишке ашыруунун шарттарын сактабоонун процесстик кесепеттерин белгилейт.

Мында арыз ээсине анын укуктары болжолдуу бузулганы качан белгилүү болгон учурду, процесстик мөөнөттү өткөрүп жиберүүнүн жүйөлүү себептеринин бар же жок экендигин аныктоо, ошондой эле соттор тарабынан процесстик мыйзамдардын ченемдеринин туура колдонулушун текшерүү факт жана укук колдонуу маселелерине кирет, аларды чечүү жалпы юрисдикциядагы соттордун компетенциясына таандык.

Баяндалгандардын негизинде судьялар коллегиясы кайрылууда талашылып жаткан ченемдик жобонун мазмунуна карата конституциялык-укуктук аныксыздык жок деген тыянакка келген, ушуга байланыштуу өтүнүчтү конституциялык өндүрүшкө кабыл алуу үчүн негиздер жок деп эсептеген.

С.А. Похлеба судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 23-июнундагы аныктамасына макул болбостон, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттануу менен кайрылган.

Арыз ээси өзүнүн даттануусунда судьялар коллегиясынын аныктамасы негизсиз, анткени анын кайрылуусунун предметин туура эмес аныктоого,

баяндалган жүйөлөрдү толук эмес изилдөөгө жана конституциялык-укуктук аныксыздык жок деген жаңылыш тыянакка негизделген деп көрсөткөн.

Арыз ээси судьялар коллегиясынын ал койгон маселени соттук актыларга жана конкреттүү иш боюнча жана АПКнын 110-беренесин колдонуунун тууралыгына макул эместикке чейин кыскарткан деп эсептейт. Ошол эле учурда, анын ырастоосуна ылайык, кайрылуунун предмети сот чечимдеринин мыйзамдуулугун текшерүү да, иштин фактылык жагдайларын кайра баалоо да эмес, мамлекеттик органдардын аракеттеринин кесепеттери сакталып турганына карабастан, процесстик мөөнөттү калыбына келтирүүдөн баш тартуу административдик талашты маңызы боюнча соттук кароо мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган ченемдик жөнгө салууга жол берилер-берилбеси жөнүндө маселе болгон. Натыйжада, арыз ээсинин пикири боюнча, судьялар коллегиясы конституциялык-укуктук аныксыздык жок деген жаңылыш тыянакка келген.

Арыз ээси ошондой эле даттанылып жаткан аныктаманын ички карама-каршылыгын белгилейт. Бир жагынан, судьялар коллегиясы өтүнүчтө коюлган маселени аныктамада кеңири баяндаган, экинчи жагынан болсо, кайрылуу укук колдонуу маселелерине гана таандык деген тыянакка келген. Арыз ээсинин пикири боюнча, мындай карама-каршылык кайрылуунун предмети толук изилденбегенин көрсөтөт.

Мындан тышкары, С.А. Похлеба Конституциялык сотко кайрылуу жөнөтүлгөндөн кийин окуялардын өнүгүшү ал көтөргөн конституциялык-укуктук көйгөйдүн сакталып жатканын ырастаганын белгилейт. Анын ырастоосуна ылайык, административдик соттун 2026-жылдын 11-июнундагы чечими менен мамлекеттик органдын аракетсиздигин мыйзамсыз деп таануу жөнүндө анын административдик доо арызын канааттандыруудан да баш тартылган, бул коомдук-укуктук талаштын уланып жаткан мүнөзүн жана натыйжалуу соттук коргоонун жоктугун күбөлөндүрөт.

Даттануунун автору баштапкы кайрылууда баяндалган жүйөлөрдү кайрадан келтирип, аларды талашылып жаткан ченемдин укуктук аныксыздыгын көрсөткөн так жана негиздүү жүйөлөр деп эсептейт.

Баяндалгандарды эске алуу менен, С.А. Похлеба Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 23-июнундагы аныктамасын жокко чыгарууну, судьялар коллегиясынын конституциялык-укуктук аныксыздык жок деген тыянагы кайрылуунун предметин туура эмес аныктоого негизделген деп таанууну, анын кайрылуусунун предмети катары АПКнын 110-беренесинин ченемдик мазмунунун конституциялуулугун текшерүүнү таанууну, ошондой эле кайрылууну өндүрүшкө кабыл алып, аны маңызы боюнча кароону суранат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту арыз ээсинин жүйөлөрүн, судьялар коллегиясынын даттанылып жаткан аныктамасынын мазмунун жана берилген материалдарды талкуулап, төмөнкүдөй тыянакка келди.

Конституциялык сот кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө судьялар коллегиясынын аныктамасына даттанууну кароодо коллегиянын тыянактарынын негиздүүлүгүн кайрылууда баяндалган жүйөлөрдүн, ошондой эле аларды төгүндөөгө багытталган аргументтердин чегинде гана текшерет. Мында мындай текшерүүнүн предмети болуп конкреттүү административдик иштин соттор тарабынан туура чечилгендиги эмес, талашылып жаткан ченемдик жободо конституциялык-укуктук аныксыздыктын бар же жок экендиги саналат.

1. Адамдын укуктары жана эркиндиктери конституциялык баалуулуктардын иерархиясында башкы орунду ээлейт, ал эми аларды камсыз кылуу бардык бийлик органдары үчүн башка бардык мамлекеттик иштерге караганда артыкчылыктуу мааниге ээ болууга тийиш. Негизги Мыйзамдын ушул так талабын аткарууну камсыз кылууга жөндөмдүү мамлекеттик-укуктук механизмдин модели дал ушул конституциялык концепциядан алганда түзүлүшү керек.

Адамдын укуктары жана эркиндиктери өз жыйындысында коомдун жана мамлекеттин күнүмдүк жашоосу негизделүүгө тийиш болгон фундаменталдык принциптердин тутумун түзөт. Алардын катарына ар бир адамдын укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоонун кепилдиги, ошондой эле мыйзам жана сот алдында бардыгынын бирдейлиги шексиз кирет, буга Конституциялык сот 2023-жылдын 27-сентябрындагы Чечиминде көңүл бурган.

Соттук коргоого болгон укукту ишке ашыруунун маанилүү курамдык бөлүгү сот адилеттигине жеткиликтүүлүк болуп саналат. Ал мамлекет тарабынан адамга бузулган укуктарын соттук жол-жобо аркылуу адилеттүү түрдө калыбына келтирүүгө мүмкүндүк берген уюштуруучулук жана процесстик шарттардын түзүлүшүн болжолдойт. Бул укуктук көз караш Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2018-жылдын 24-январындагы Чечиминде да баяндалган.

Ошол эле учурда соттук коргоого болгон укук мыйзамда белгиленген процесстик формадан тышкары жана укуктук аныктуулуктун талаптарын эске албастан сотко кайрылуу мүмкүнчүлүгүн билдирбейт. Административдик сот өндүрүшүндө процесстик мөөнөттөр маанилүү функцияны аткарат: алар коомдук-укуктук талаштарды кароонун динамикасын камсыз кылат, процесстин катышуучуларын тартипке салат жана укуктук мамилелердин туруктуулугун шарттайт. Ошондуктан административдик доо арыз берүүнүн мөөнөтүн белгилөөнүн өзү эле соттук коргоонун конституциялык кепилдигин бузуу катары каралышы мүмкүн эмес.

Бирок процесстик мөөнөт соттук коргоону тартипке келтирүү каражатынан сот адилеттигине жеткиликтүүлүк үчүн арылгыс тоскоолдукка айланбоого тийиш. Дал ушул себептен мыйзам чыгаруучу административдик сотко кайрылуунун мөөнөттөрүн белгилөө менен бирге өткөрүп жиберилген мөөнөттү калыбына келтирүү механизмин да карайт. АПКнын 110-беренесинин 8-бөлүгүнө ылайык,

эгер мыйзамда башкача белгиленбесе, доо арыз берүү мөөнөтүн сот жүйөлүү деп тааныган себептер боюнча өткөрүп жиберген адамдар үчүн өткөрүп жиберилген мөөнөт калыбына келтирилиши мүмкүн.

Демек, колдонуудагы укуктук жөнгө салуу процесстик мөөнөттүн абсолюттук мүнөзүнөн келип чыкпайт. Тескерисинче, ал иштин конкреттүү жагдайларын, анын ичинде мөөнөттү өткөрүп жиберүүнүн себептерин, арыз ээсинин жүрүм-турумун, талашылып жаткан коомдук-укуктук мамиленин мүнөзүн жана адамдын соттук коргоого өз убагында кайрылуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн эске алуу мүмкүнчүлүгүн болжолдойт.

2. Мөөнөттү өткөрүп жиберүүнүн себептеринин жүйөлүүлүгүн аныктоо жабык тизмек аркылуу мыйзам менен толук жөнгө салынышы мүмкүн эмес. Сотко өз убагында кайрылууга тоскоол болгон турмуштук жагдайлар ар түрдүү жана конкреттүү иштин өзгөчөлүктөрүнө жараша болот. Ушул себептен мыйзам чыгаруучу бул маселени негиздүү түрдө соттун баалоосуна калтырат, ал болсо аны акылга сыярлык, адилеттүүлүк, ак ниеттүүлүк принциптеринин, ошондой эле мөөнөттү өткөрүп жиберүүнүн жагдайларын ар тараптуу жана объективдүү изилдөөнүн негизинде чечүүгө милдеттүү.

Процесстик мөөнөттү калыбына келтирүү жөнүндө маселени чечүүдө сот анын өткөрүп жиберилген фактысын формалдуу аныктоо менен гана чектелүүгө укуксуз. Ал адамга анын укугу болжолдуу бузулганы качан белгилүү болгон же объективдүү түрдө белгилүү болушу мүмкүн болгонун, анын сотко өз убагында кайрылууга реалдуу мүмкүнчүлүгү болгон-болбогонун, мындай кайрылууга кандай жагдайлар тоскоол болгонун, ошондой эле мөөнөттү калыбына келтирүүдөн баш тартуу адамды билдирилген укук бузууга соттук баа алуу мүмкүнчүлүгүнөн иш жүзүндө ажыратууга алып келбейби деген маселелерди аныктоого тийиш.

Бул жагынан административдик аракет жасалган же тиешелүү чечим кабыл алынган дата гана мааниге ээ эмес. Айрым учурларда адам үчүн мындай аракеттин реалдуу укуктук кесепеттери келип чыккан, алар ага айкын болгон же ал өз укугунун бузулганын аңдап-түшүнүүгө факты жүзүндө жана юридикалык жактан мүмкүнчүлүк алган учур олуттуу мааниге ээ болот. Айрыкча бул укуктук аныксыздык мамлекеттик органдардын ырааттуу аракеттеринин натыйжасында келип чыккан же административдик жол-жобо аяктагандан кийин да сакталып калган кырдаалдарга тиешелүү.

Мындай мамиле өткөрүп жиберилген мөөнөттү автоматтык түрдө калыбына келтирүүнү билдирбейт. Бирок адамдын өз укугун ак ниеттүү түрдө коргоого умтулганын ырастаган объективдүү жагдайлар болгондо, сотко өз убагында кайрылуунун реалдуу мүмкүнчүлүгүнө байланыштуу күмөн саноолор тиешелүү жүйөлүү баалоосуз арыз ээсине каршы чечмеленбөөгө тийиш. Болбосо, процесстик форма соттук коргоо үчүн өз алдынча тоскоолдукка айланмак, бул сот адилеттигине жеткиликтүүлүктүн жана бузулган укуктарды натыйжалуу калыбына келтирүүнүн конституциялык кепилдиктери менен шайкеш келбейт. Бул мамиле Конституциялык соттун 2026-жылдын 18-февралындагы Чечиминде баяндалган укуктук позициясына дал келет.

3. Ошол эле учурда соттор өткөрүп жиберилген мөөнөттү калыбына келтирүү үчүн мааниге ээ болгон жагдайларды толук эске албаган, адамга анын укугу бузулганы качан белгилүү болгон учурду формалдуу аныктаган же мыйзамда каралган мөөнөттү калыбына келтирүү механизмин талаптагыдай колдонбогон соттук укук колдонуу практикасынын калыптанышынын өзү эле укуктук жөнгө салууда кемчилик бар экендигин билдирбейт.

Кыргыз Республикасынын АПКсынын 110-беренеси сотко кайрылуу мөөнөтүн калыбына келтирүү үчүн негиз боло турган мүмкүн болгон жагдайларды эске алууга зарыл процесстик каражаттарды камтыйт. Демек, эгер

конкреттүү ишти кароодо соттор мындай жагдайларга талаптагыдай баа бербесе же көрсөтүлгөн ченемди ашкере формалдуу колдонсо, бул ченемдик жобонун өзүнүн конституциялуулугу жөнүндө маселеге эмес, укук колдонуу чөйрөсүнө тиешелүү болот.

Башкача айтканда, арыз ээси соттор мөөнөттүн башталышын кантип аныктаганына, аны өткөрүп жиберүүнүн себептеринин жүйөлүүлүгүн кандай баалаганына же ишти маңызы боюнча кароого жеткиликтүүлүк маселесин кандай чечкенине макул болбогон ар бир учурда эле конституциялык-укуктук көйгөй пайда боло бербейт. Мындай маселелер фактылык жагдайларды аныктоону, далилдерди изилдөөнү жана административдик-процесстик мыйзамдардын ченемдеринин туура колдонулушун текшерүүнү талап кылат, бул жалпы юрисдикциядагы соттордун компетенциясына кирет.

4. С.А. Похлебанын кайрылуусунун жана даттануусунун мазмунунан көрүнүп тургандай, арыз ээси өзүнүн конституциялык укуктарынын бузулушун АПКнын 110-беренесинин ченемдик мазмунунун өзү менен эмес, соттор тарабынан анын административдик ишин кароодо ушул берененин жоболору кандайча колдонулгандыгы менен байланыштырат.

Арыз ээсинин жүйөлөрү ага анын укугунун болжолдуу бузулганы качан белгилүү болгон же белгилүү болушу мүмкүн болгон учурду аныктоого, мөөнөттү өткөрүп жиберүүнүн себептеринин жүйөлүүлүгүн баалоого, мамлекеттик органдардын кийинки аракеттеринин маанисине, ошондой эле конкреттүү административдик иштин жагдайларын изилдөөнүн толуктугуна тиешелүү. Бул маселелерди чечүү талаш-тартыштын фактылык жагын текшерүүнү жана соттордун укук колдонуу тыянактарына баа берүүнү талап кылат, бул Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренеси жана «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын

4-беренеси менен белгиленген Конституциялык соттун ыйгарым укуктарынын чегинен чыгат.

Мындай жагдайларда судьялар коллегиясы кайрылууда талашылып жаткан ченемдик жобонун мазмунуна карата конституциялык-укуктук аныксыздык жок деген негиздүү тыянакка келген. Арыз ээсинин аргументтеринин жыйындысы өзүнүн маңызы боюнча фактологиялык мүнөзгө ээ жана конкреттүү административдик иште АПКнын 110-беренесинин колдонулушуна макул эместик менен шартталган.

5. Ошол эле учурда Конституциялык сот мыйзамда каралган өткөрүп жиберилген мөөнөттү калыбына келтирүүнүн процесстик механизмдери соттук коргоого болгон укуктун натыйжалуу ишке ашырылышын камсыз кылууга багытталганын белгилөөнү зарыл деп эсептейт. Аларды колдонуу соттордон сот адилеттигине жеткиликтүүлүк маселелерине ак ниеттүү жана жоопкерчиликтүү мамиле кылууну талап кылат.

Сотко кайрылуунун мөөнөтүн калыбына келтирүү жөнүндө маселени чечүүдө соттор процесстик мөөнөттүн формалдуу артыкчылыгынан эмес, укуктук аныктык талаптары менен адамдын реалдуу соттук коргоого ээ болуу мүмкүнчүлүгүнүн ортосунда адилеттүү тең салмактуулукка жетишүү зарылдыгынан келип чыгууга тийиш. Мындай баалоо жүйөлүү, ар тараптуу болууга жана адамга анын укугу бузулганы качан белгилүү болгон же белгилүү болушу керек болгонун, ошондой эле анын сотко өз убагында кайрылууга объективдүү мүмкүнчүлүгү болгон-болбогонун аныктоо үчүн мааниге ээ болгон бардык жагдайларды эске алууга тийиш.

Дал ушул процесстик механизмдерди талаптагыдай колдонуу сотко кайрылуу мөөнөтүнүн сот адилеттигине жеткиликтүүлүк үчүн формалдуу тоскоолдукка айланып кетишине жол бербөөгө жана ошол эле учурда туруктуу

укуктук тартиптин зарыл элементи катары укуктук аныктыктын маанисин сактоого мүмкүндүк берет.

Баяндалгандардан алганда, Конституциялык сот Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 23-июнундагы аныктамасын жокко чыгаруу үчүн негиздерди тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38, 48, 49-беренелерин, 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т О К Т О М  К Ы Л Д Ы:**

1. Сергей Анатольевич Похлебанын Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 23-июнундагы аныктамасына даттануусу канааттандырылуусуз калтырылсын.

2. Бул токтом акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

№______